**Даакыбаева Айнура Билимовнанын «Кыргыз тилинин практикалык сабактарында медик-студенттердин диалогдук кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили»** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине **илимий жетекчиси, педагогика илимдеринин доктору, профессор К.Д. Добаевдин**

## ПИКИРИ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:** Изилдөө кыргыз тилин окутууда тил үйрөнүүчүнүн, башкача айтканда, медик-студенттердин диалогдук кебинин калыптанышынын талабына ылайык үйрөтүүнүн лингвистикалык негиздерин иштеп чыгууга арналгандыгы менен актуалдуулукка ээ. Кыргыз эмес студенттердин кыргыз тилин өздөштүрүү даражасына таасир этүүчү лингводидактикалык факторлордун жыйындысын эске алууга мүмкүндүк берет жана медик-студенттердин аудиториясында чет тили катары кыргыз тилин окутуунун методикасын жана моделдерин иштеп чыгуунун актуалдуулугу кыргыз тилин чет тили катары мажбурлап өздөштүрүүнүн максаттарынын ортосунда орун алган карама-каршылыктар менен ырасталат. Ошондой эле аудиторияда студенттердин мотивациялуу баарлашууга, шарттарды түзүүгө, алардын көз карашын кеңейтүүгө, социалдык-маданий компетенттүүлүгүн калыптандырууга, стихиялуу кепти өнүктүрүүгө кызмат кылат.

Диссертациянын башындагы мазмуну киришүүдөн, үч баптан, жалпы корутунду, практикалык сунуштар, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турган илим изилдөөнүн структурасынан кабар берет. Иштин негизги тексти – 171 бет, адабияттар тизмеси 121 аталыштан турат.

Изденүүчү А.Б. Даакыбаева тарабынан изилдөөнүн максаттары менен милдеттери, эмгектин илимий жаңылыгы, практикалык баалуулугу, ошону менен бирге коргоого коюлган негизги жоболору логикалык жактан ыраатгуу берилип, изденүүчүнүн жекече салымы, тажрыйбалык-эксперименттик базасы, изилдөөнүн этаптары так көрсөтүлүп, изилдөөнүн натыйжалары

түрдүү илимий конференциялардагы баяндамаларда, илимий-методикалык журналдардагы 10 макалада, жеке өзү жазган жана авторлош болуп жазылган 2 окуу китебинде, 3 окуу-методикалык куралында чагылдырылып, апробациядан өткөрүлдү.

Диссертациялык иштин темасына байланыштуу маселени чечүүдө негиз боло турган "Кыргыз тилиндеги диалогдук кептин изилдениши жана аларды окутуунун жалпы теориялык маселелери" деп аталган биринчи бабында кыргыз тилинин практикалык сабактарында медик-студенттердин диалогдук кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-педагогикалык негиздери теориялык жактан аныкталып, маани-маңызы талданды. Кыргыз тилиндеги диалогду окутуунун теориядагы жана практикада иштелиши, көйгөйлүү маселелери аныкталды. Азыркы тапта тилди үйрөнүүдө диалогго болгон муктаждык өсүп, аны окутуу мезгилдин талабы болгондуктан,эң негизги педагогикалык шарт болуп, диалогдук кепти натыйжалуу окутуп-үйрөтүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоодо баарлашуу билим берүү процессинин негизги базасы катары педагог менен студенттин ортосундагы коомдук, психологиялык карым-катнашы гана эмес, маектин жыйынтыгында окутуучу менен студенттин биргелешип жүргүзгөн иш аракетинин жыйынтыгында медик-студенттердин диалогдук кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун негизги педагогикалык шарты түзүлгөндүгү аныкталды.

Диссертантын педагогикалык илимге болгон жеке салымын, анын негизги педагогикалык идеяларын ача турган диссертациянын бөлүмү - бул "Кыргыз тилиндеги диалогдук кепти үйрөтүүнүн лингводидактикалык негиздери" деп аталган экинчи бап. Бул бап төрт параграфтан түзүлгөн. Мында кыргыз тилинин практикалык сабактарында медик-студенттердин диалогдук көнүгүүлөрдүн системасын иш практикасына жана окуу процессине киргизүү менен студенттеринин кесипке багытталган диалогдук кеп ишмердүүлүгүн калыптандырып, бөтөн тилдүүлөрдүн сабакка болгон кызыгуусун арттырат деген жыйынтыгы каралган. Кыргыз

тилин экинчи тил катары медик-студенттердин диалогдук кебин окутуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун максат-милдеттери, педагогикалык шарттары, тажрыйбасы,принциптери жана компоненттери, критерийлери жана көрсөткүчтөрү аныкталган.

Диссертациялык иштин педагогикалык эсперии ментинин жыйынтыктары таблицалар жана диаграммалар түрүндө берилген.

Педагогикалык экспериментте жалпысынан эксперименталдык топтордо 250 дөн ашык студент жана текшерүүчү топтордо 210 студент катышты жана текшерүү ыкмалардын натыйжалары диссертант А.Б. Даакыбаева үчүн окутуунун жана студенттердин алган билиминин сапатына сунушталган теориялык моделинин оң таасири тууралуу тыянак чыгарууга мүмкүндүк берди.

Диссертациялык иш боюнча натыйжалар жана тыянактар медициналык адистиктеги студенттер үчүн кыргыз тилин эне тил эмес катары окутууга колдонуу үчүн сунушталышы мүмкүн. Кыргыз тилинин практикалык сабактарында медик-студенттердин диалогдук кебин калыптандырууда кеп алышуу компетенттүүлүгүнө багыт берүүчү ыкмаларды пайдалануу максаты турат.

Диссертациялык иште төмөнкүдөй кемчиликтер орун алган:

1. кээ бир стилистикалык жана башка каталар байкалды;
2. ишти тариздөөдө кээ бир мүчүлүштүктөр бар экендиги белгиленди;
3. библиографиянын тариზделишин карап чыгуу зарыл.

Жалпысынан алганда, иштин негизи бар жана жогорудагы сын пикирлер эске алынып, өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсе, ишти коргоого сунуштаса болот.

Даакыбаева Айнура Билимовнанын **«Кыргыз тилинин практикалык сабактарында медик-студенттердин диалогдук кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери»** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили» адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты

окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши өз алдынча аткарылып, кандидаттык диссертациянын корголушуна сунушталган талаптарга жооп берет.

Илимий жетекчи,
педагогика илимдеринин доктору,
профессор К.Д. Добаев

Кол тамгасын тастыктайм
кадрлар бөлүмүнүн башчысы